# “Журналистика” окуу программасы

“Журналистика” окуу программасынын тарыхы СССРдин жогорку билим берүү Министрлигинин 1959-жылдын 30-майдын №648- буйругу менен Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинде журналистика кафедрасы ачылгандан башталат. Аталган кафедра Кыргызстанда журналисттик профессионалдык билим берүүнү негиздөөнүн башатында турган. 1994-жылы журналистика факультети өз алдынча структура болуп бөлүнгөндөн кийин мезгилдүү басма сөз кафедрасы деп аталган.

Журналистика кафедрасынын башында турган профессор М.Борбугулов менен доцент Т.Мамбетсариев журналистика бөлүмүнүн өз алдынча болуп түптөлүшүндө салмактуу орду бар инсандар. Студенттердин терең урматтоосуна татыган М.Сасыкулов жана А.Камилов да педагогдук ишмердүүлүгүн дал ушул журналистика кафедрасында окутуучу болуп иштөө менен башташкан. Ошондуктан республиканын маалымат каражаттарын журналисттик кадрлар менен камсыз кылууда мезгилдүү басма сөз кафедрасынын салымы зор деп айтууга толук негиз бар.





70-жылдары журналистика кафедрасынын окутуучулары журналистика боюнча илимий изилдөө иштерин колго ала баштаган. Айталы, журналист Т.Мамбетсариев Кыргызстандын басма сөзүнүн тарыхын изилдеп, М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинде кандидаттык диссертациясын жактаган. Ал эми окутуучу М.Сасыкулов кыргыз очеркинин өнүгүү маселелери боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүп, айрым макалалары “Ала-Тоо” журналына жарыяланат.

80-жылдардын башында кафедранын курамы А.Асанова, А.Халилов, Р.Орозалиева, Р.Жумалиева сыяктуу мыкты адистер менен толукталган. Мезгилдүү басма сөз кафедрасы факультеттин өзөгүн түзгөн профессордук-окутуучулук курамынын аракети менен негизги адистик предметтерди окутууну ишке ашырып келди: «Журналистиканын негиздери», «Азыркы журналистиканын актуалдуу проблемалары», «Журналисттик чыгармачылыктын негиздери» ж.б.

Кафедранын ар бир мүчөсү журналистика боюнча уюштурулган түрдүү эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларга, семинарларга жана симпозиумдарга катышуу менен мезгилдүү басма сөз багытындагы актуалдуу проблемалардын үстүндө иш жүргүзүп, илимий макалаларын жарыялап келишет.

Мезгилдүү басма сөз кафедрасынын курамын бир катар компетенттүү адистер түзүп келди. Алардын ичинде Ж.Баласагын атындагы КУУнун “Ардактуу профессору”, И.Арабаев атындагы КМУнун “Ардактуу профессору” Абдиламит Матисаков - көптөгөн публицистикалык-көркөм чыгармалардын, китептердин автору, өз кезегинде КТРКны, “Кыргыз Туусу” гезитин жетектеген тажрыйбалуу журналист, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер катарында таанымал инсан. Учурда журналистика факультетинде чыгармачыл жаштардын **“Матисаков мектебин”** ачкан. Ошондой эле,

доценттер – Ph.D. Абдыганы Халилов, ф.и.к. Аита Султаналиева, саясый.и.к. Ж.Т.Абдикеримова, ф.и.к. Нуржан Джумагазиева ж.б.

Кафедра тарабынан журналистика адистиги боюнча төмөндөгүдөй окуу куралдары даярдалган: “Кыргыз журналистикасынын тарыхы” (Авторлорлор коллективи); “Журналисттик иликтөө” А.Халилов, С.Тиллебаев, “Становление и развитие журнальной периодики в Кыргызстане” А.Халилов; “Журналисттин чыгармачылык ишмердигинин негиздери” А.Тюмонбаев; “Освещение проблем экологии в периодической печати Кыргызстана”, “Масс-медиа в международном пространстве и в Кыргызстане” Н.Джумагазиева.


2022-жылы жазуучу, публицист, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, ардактуу профессор Абдиламит Матисаковго КРнын Эл жазуучусу ардак наамы тапшырылган.



2023-жылдын сентябрынан тартып мезгилдүү басма сөз кафедрасы “Журналистика” окуу программасына өттү.

2023-жылы 3-ноябрда Ж.Баласагын атындагы КУУнун Журналистика жана коммуникация институтунун “Журналистика” программасы “Басма ММКлар жана жаңы медиа: көйгөйлөр жана перспективалар” аттуу тегерек стол өткөрдү, ага басма сөз жана интернет басылмалардын өкүлдөрү, институттун окутуучулары жана студенттери катышты.






Январ айында Ж.Баласагын атындагы КУУнун ардактуу профессору А.Халиловго «Бетме-Бет» гезитинин юбилейлик медалы ыйгарылды.




Бүгүнкү күндө “Журналистика” окуу программасынын профессордук-окутуучулук курамы саясый.и.к., доцент Абдикеримова Жибек Токтобаевна, Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу, публицист, профессор Матисаков Абдиламит Мурзаевич, профессор Халилов Абдыганы Дарманбекович, ф.и.к, доцент Аита Султаналиева, ф.и.к, доцент Нуржан Джумагазиева, улук окутуучулар Тюмонбаев Айбек Рабаевич, Жыргал Сакыбаева, Мамышева Жамиля Аскаровна, Кылычбаева Элмира Закиралиевна, Шаршембиева Раушан Джылкычиевна, Элнура Эсенкулова жана окутуучулар Махабат Алымбекова, Айжан Жапаркулова, А.Суранчиева өңдүү кесипкөй теоретиктерден жана практиктерден түзүлгөн.

Учурда “Журналистика” окуу программасы “Интернет журналистика”, “Журналисттик иликтөө”, “Саясый журналистика” боюнча профилдик адистешүүнү сунуштайт.